Тиркеме 1

**Каракол айыл аймагындагы элеттик аялдардын укуктарын коргоо, коомдогу ролун жогорулатуу, менталдык ден соолугуна кам көрүү боюнча ЖОБО тиркемеге ылайык бекитилсин.**

## 1.Жалпы жоболор

1.1.Бул ЖОБО Каракол айыл аймагында жашаган аялдардын социалдык- укуктук абалын жакшыртуу, алардын коомдук турмушка катышуусун активдештирүү жана психологиялык бакубаттуулугун камсыз кылуу максатында иштелип чыккан.
1.2.Жобонун укуктук негизин Кыргыз Республикасынын Конституциясы, “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы жана Кыргыз Республикасынын Президентинин“Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө” Жарлыктары түзөт.

## 2.Жобонун максаттары жана милдеттери

2.1.**Максаты:** Элеттик айымдардын коомдогу ордун даназалоо, алардын эмгегин баа жана ар тараптуу колдоо көрсөтүү.

2.2. **Милдеттери:**
*Аялдардын укуктук сабаттуулугун жогорулатуу жана зордук-зомбулуктун алдын алуу;
*Аялдардын менталдык (психикалык) ден соолугун чыңдоо жана моралдык колдоо көрсөтүү;
*Үлгүлүү үй-бүлөлөрдү жана коомдук иштерге активдүү айымдарды аныктоо жана сыйлоо.

**3.Аялдардын коомдогу ролун даназалоо жана укуктук сабаттуулугун арттыруу максатында айыл өкмөтү тарабынан төмөнкү иш-чаралар камсыз кылынсын:**
3.1. Аялдардын укуктарын коргоо жана зордук-зомбулуктун алдын алуу боюнча маалыматтык кампанияларды жана юридикалык кенеш берүүлөрдү уюштуруу;
3.2. Айылдагы үлгүлүү, эмгекчил жана коомдук иштерде активдүү айымдарды аныктап, сыйлоо аземин өткөрүү;
3.3. Аялдардын менталдык ден соолугун чыңдоо багытында психологиялык тренингдерди жана маданий программаларды даярдоо жана бекитсин.

**4.”Элеттик айымдар күнүн” өткөрүү тартиби**
4.1. .”Элеттик айымдар күнү” жыл сайын 18-июнда Каракол айыл аймагынын Каракол айылынын маданият үйүндө же билим берүү мекемелеринде өткөрүлөт.
4.2.Иш-чаранын программасы төмөнкү бөлүктөрдү камтыйт:
* **Расмий бөлүк :** Айыл өкмөт башчысынын, айыл аймактын жергиликтүү кеңешинин төрагасынын жана келген меймандардын куттуктоо сөздөрү.
* **Маалыматтык- консультациялык бөлүк:**